маселе чыгаруудагы өзүнүн интеллектуалдык аракеттерин (анын ичинде катачылыктарында) рефлексиялоого (өз башынан өткөргөндөрдү анализдөөгө) көнүгөт.

3. Мугалим окутуунун көрсөтмөлүүлүк каражаттарын оптималдуу методикасын колдонсо, окуучулар предметтердин мазмунун өздөштүрүү менен бирге илимий билимдердин системасына ээ болушат, билгендерин ар кандай практикалык иш аракеттерде, турмушта колдоно билүүгө умтулушат.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**


1. Абдухамидова Б.А, Рысбаев С.К, Ибраимов К.Адабий окуу.3-класс. Б. 2014.
2. Акматалиев А.Балдарга арналган салт жана ырым-жырымдар. - Б.2000.
3. Алимбеков А. Кыргыз элинин билим берүү салттары. - Б., 2001;
4. Бекбоев И. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. -Б., 2003.
5. Бекбоев И.Б. Педагогикалык процесс: эски көрүнүштөр жана жаңыча көз караштар. – Бишкек, 2005.
6. Койнова-Цельнер Ю.В. Башталгыч мектепте активдүү окутуунун педагогикалык технологиялары. - Б., 2011. 27-31-бб.
7. Кебекова Б.Кыргыз-казак фольклордук байланышы. - Ф.1982.
8. Кыргыз элинин ооз эки чыгармачылык тарыхын очерктери. - Ф.…Илим, 1973.151-бет
9. Маматумаров А.Т. Адабий окууга үйрөтүүдө элдик оозеки чыгармаларды окутуунун ыкмалары. Известия ВУЗов Кыргызстана №7, 2016.
10. Молдобаева Н.Б. “Кыргыз эл жомоктору - элдик педагогикалык идеялардын башаты”. КНУнун жарчысы. 2011. 325-бет
11. Ташпынар М,Алимбеков А. Окутуунун жалпы методдору. Б., 2004, 222-бет.
12. Юртсевер Карасой. Элдик жомоктордогу өрнөк –адам үлгүсү. Вестник. 2014. 581-б.



УДК 37.013.42-053.81(575.2)
DOI 10.58649/1694-8033-2023-2(114)-290-296



**Адылбек кызы Г., Нурбекова А.Н.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ [1,2]
**Адылбек кызы Г., Нурбекова А.Н.**
КНУ им. Ж. Баласагына [1,2]
**Adylbek kyzy G., Nurbekova A.N.**
KNU J. Balasagyn[1,2]
ORCID:0009-0001-4555-1426[1]
SPIN-код: 5286-2488[2]


## ЖАШТАРДЫ ТАРБИЯЛОО ПРОБЛЕМАСЫНЫН КЫРГЫЗ ЭТНОПЕДАГОГИКАСЫНДА ИЗИЛДЕНИШИ
## ИССЛЕДОВАТЕЛЬНОСТЬ ПРОБЛЕМЫ ВОСПИТАНИЯ МОЛОДЁЖИ В КЫРГЫЗСКОЙ ЭТНОПЕДАГОГИКЕ
## RESEARCH OF THE PROBLEM OF EDUCATION OF YOUTH IN KYRGYZ ETHNO-PEDAGOGY

**Аннотация:** Салттуу кыргыз этнопедагогикасында ата-энелер тарабынан балдардын адептик сапаттарын өнүктүрүү үчүн улуттук баалуулуктарга чоң таянышкан. Ал үчүн үй-бүлөдө жагымдуу чөйрөнү түзүүгө аракеттенүү зарыл. Макалада жаш муундун инсандык сапаттарын өнүктүрүү үчүн практикалык педагогика жана психологиянын мүмкүнчүлүктөрүн кеңири пайдалануу керектиги жөнүндө баяндалды. Россиялык жана улуттук даанышман педагогдордун тажрыйбалары белгиленип, алардын чыгармаларынан тарбиялоо жөнүндө орчундуу мисалдар келтирилди.

**Аннотация:** В традиционной кыргызской этнопедагогике родители для развития нравственных качеств своих детей опирались на национальные ценности. Для этого необходимо было стараться создать в семье благоприятную среду. В статья описана необходимость широкого использования возможностей практической педагогики и психологии для развития личностных качесвт молодого поколения. Отмечен опыт знаменитых российских и кыргызских педагогов, приведены значительные примеры о воспитании из их произведений.

**Abstract:** In traditional Kyrgyz ethnopedagogy, parents relied on national values to develop the moral qualities of their children. To do this, it was necessary to try to create a favorable environment in the family. The article describes the need for a wide use of the possibilities of practical pedagogy and psychology for the development of personal qualities of the younger generation. The experience of famous Russian and Kyrgyz teachers is noted, significant examples of education from their works are given.

**Негизги сөздөр:** мектеп, окуучулар, тарбиялоо, этнопедагогика, окумуштуу-педагогдор, акын-демократтар, дидактикалык чыгармалар, макал-лакаптар.

**Ключевые слова:** школа, учащиеся, воспитание, этнопедагогика, ученые-педагоги, акыны-демократы, дидактические труды, пословицы и поговорки.

**Keywords:** school, students, education, ethnopedagogy, scientists-teachers, akyns-democrats, didactic works, proverbs and sayings.

Ар бир эле доордун коомдук тиричилик турмушунда эски жана жаңы көз караштардын ортосундагы талаш-тартыштар тарбия процессинин теориясына да таасир тийгизип, алардын багытын түрдүү жакка бурат.

Прогрессивдүү педагогдор авторитардык тарбия практикасын да, теориясын да түрдүү жактан катуу сынга алышкан. Тарбия берүүдөгү авторитардуулук Чыгышта да, Батышта да өз апогейине жетип турган учурда биринчилерден болуп Аль-Фараби, Ибн Сино, Бируни, Баласагын өңдүү орто кылымдын окумуштуу-энциклопедиячыл ойчулдары мугалим менен окуучулардын мамилесиндеги гумандуулукту жана демократиялуулукту талап кылышкан [1]. Алар мугалим окуучуларын кемсинтпей, сый-урмат менен, ага ишенич көрсөтүп мамиле кылуусу зарыл деп эсептешкен. Даанышман бабаларынын осуятын урматтаган биздин ата бабаларыбыз баланын адамдык беделин көтөрө чыгып: «Баланын көөнү паашанын көөнү» - деп, аны кемсинтпей, кордобой мамиле кылган. Ушундай тарбия гана чыгармачыл ою өнүккөн, билерман намыскөй, элдин, уруунун, ата тегинин ариетин ойлоп, уятты өлүмдөн катуу көргөн инсандарды калыптандырган [2].

Курманжан даткадай, Шабдан, Байтик, Бишкек, Балбай баатырлардай тарыхый инсандардагы айкөлдүк, жоомарттык, даанышмандык касиеттерди ушундай улуттук ажары төгүлгөн таалим-тарбия системасы гана калыптандыра алат. Ар бир эле «мен кыргызмын» деген пенденин канына сиңип калган: жетим балага карата мээрмандык мамиле - бул элибиз

сыймыктана турган улуу гуманисттик, демократиялуу нарк, ата салтка айланган нуска. Байбы, кедейби, бийби же карапайым адамбы, бир жактан алып келген ырыскыны же белек-бечкекти өз балдары менен турган жетимге биринчи узатат эле. Анткени, ал өксүк экендигин сезбеши керек. Бүгүн элибиз бул касиетин жоготуп жаткансыйт. Жетим бала жесир аялдын өксүктүгүн сездирген инсанды байлыгына, бийлигине карабастан бейадеп эч нерсе көрбөгөн пас адам деп баалайт, чыныгы кыргыз.

Кыргыз элинин улуттук тарбия системасында мындай айкөлдүктү, мээрбандыкты, улуттук намыз, ариет үчүн өз жанын да аябаган жоомарттыкты тарбиялай турган салт өтө эле көп. Элдик тарбиядагы бул жагдайды баамдаган даанышман педагогдор: Я.А. Коменскийдин, Я. Корчактын, В.А. Сухомлинскийдин улуу идеяларынын кыргыздын элдик педагогикасынын тажрыйбалары менен үндөштүгү байкалат. Бул даанышман педагогдордун улуу идеяларына аалам эли баш ийип, таазим кылып жатса, ошондой улуу идеялар менен үндөш ата-бабаларыбыздын таалим-тарбиядагы тажрыйбасын таназар албай отурганыбызды кандай деп бааласак болот?

Үй-бүлөдө балдарды тарбиялоо проблемасы көптөгөн кылымдар бою эле ар түрдүү изилдөөлөрдүн объектисине айланып келүүдө. Улуу даанышмандардын идеяларын Ш.А.Амонашвили, Б.Н. Никитин өңдүү жаңычыл педагогдордун бир тобу чыгармачылык шыктануу менен практикага ашырышкан. Я. Корчак менен В.А. Сухомлинскийдин педагогикалык залкар идеялары, барыдан мурда, зомбулук педагогиканы күйүмдүү педагогикага айландыруу. Күйүмдүү педагогика тарбиячыдан баладагы адамды көрө билүүнү, ар бир баладан келечекте жакшы адам чыгаарына шек келтирбей ишенүүнү, тарбиялануучудагы адамдын беделин түшүрүп, аны кемсинтип, кордоого жол койбоону, андагы болочок жакшы адамды урматтап, ага тең ата мамиле кылууну талап кылат [5]. Тарбиячы баланы ата-эненин сыңары, кылчандабай, жан-дили менен сүйүп, алардын ички дүйнөсүнө үңүлүп кире ала турган чыйырды аныктоого жөндөмдүү болууга тийиш деген талапты коюшкан. Демек, болочок мугалимди, тарбиячыны тандоодогу эң негизги нерсе баланын жан дүйнөсүнө үңүлүп кирүүчү чыйырды аныктай билүү жөндөмдүүлүгү. Ансыз келечекте биз окутуп тарбиялаган адистерден жакшы тарбиячы чыкпайт.

Кыргыз этнопедагогикасы бир топ жаш илим, ал этнография, педагогика, психология, антропология, фольклористика, адабияттаануу, лингвистика ж.б. этнологиялык илимий билимдердин табылгаларына жана элдик тажрыйбаларга таянылуу менен XX кылымдын 2-жарымынан бир кыйла кеңири өнүгүүгө багыт алды. Алгачкы диссертациялык изилдөө 1964-жылы агартуучу акын-демократ Тоголок Молдонунун (Байымбет Абдырахманов) педагогикалык идеяларына арналып Ж.Койчуманов тарабынан жазылган [3]. Анда таалимчи-акын катары Тоголок Молдо өз чыгармаларын балдарга ылайыктап жазылгандыгы, элдик арман-кошок, тамсилдерди акын балдардын жашына карата адаптациялап иштеп чыккандыгы айтылат. Кийинки кандидаттык диссертация 1965-жылы Б. Байсеркеев тарабынан кыргыз акын-демократтары Токтогул Сатылганов менен Тоголок Молдонунун чыгармаларындагы этикалык көз караштар боюнча корголгон. Андан кийин кыргыз этнопедагогикасы тармагындагы изилдөөлөр 70-80-жылдарда Москвада Г.Н. Волковдун жетекчилигинде жүргүзүлдү. Алардын бири Т. Ормонов «Семья и школа» журналына «Мудрые заповеди народа» жана «Советская педагогика» журналына «Педагогическая пансофия киргизского народа» деген макалаларын жарыялап, Фрунзе шаарынан «Идеи военно-патриотического воспитания в эпосе «Манас» деген китебин жана макаласын басып чыгарат [4]. Мына ушул эмгектери анын 1972-жылы Казань шаарында жактаган педагогика

илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча коргогон диссертациясына негиз болгон. Алгачкы кыргыз энопедогогдорунун бири Т. Ормонов «Манас» эпосунда балдардын тарбиясы боюнча бир нече факторлорду көрсөтөт, алар: туулган жерин сырт душмандардын басып жаткандыгын түшүнүүсү; аскердик куралдарды колдонууну улуу адамдардын көмөгү менен үйрөнө башташы; атка чапчаң жүрүүсү; ат үстүндө баратып найза, кылыч, жаа сыяктуу куралдарды колдоно билүүсү; жамбы атып түшүрүүсү; ат жалында тыным албай, уктабай күндөп-түндөп жүрө алышы; балдардын он эки жашынан бир лидерге – Манаска баш ийүүсү; ички рухунда мекенчилдик, мекенди боштондукка чыгаруу идеясынын болушу ж.б. Бул үчүн Манастын элдик тарбиячылары Ошпур, Ажыбай, Бакай, Кошой ж.б. адамдардын баланы тарбиялоо аракеттери көрсөтүлөт.

Б. Апышовдун жогорку класстардын окуучуларын эмгекке даярдоодо элдик салттарды пайдаланууга арналган диссертациясы да кыргыз балдарын тарбиялоодо эмгектин ролу көрсөтүлгөндүгү менен баалуу. Биз кыргыз балдары эмгектин кандай түрлөрүнө аралашкандыгын белгилөө менен малчылык, дыйканчылык, кол өнөрчүлүгү, аңчылык кыргыз балдарынын инсан катары калыптануусунда өзгөчө ролдо экендигин чагылдырдык.

Кыргыз этнопедагогдорунун алгачкы муунуна кирген Ж.Бешимов окуучуларды адеп-ахлактык жактан тарбиялоодогу элдик салттарды азыркы мектепте колдонуу боюнча диссертация жазган, анда кыргыз балдарынын адептик жетилүүсүнүн этаптары ачылып берилет.

К. Кыдыралиев 1979-жылы кыргыз элинин жомоктору балдардын дүйнө таанымын кеңейтип, сөз маданиятын жогорулатуучу, аларга тарбия берүүчү каражат экендигин көрсөткөн диссертациясын жана 2010-жылы «Этнопедагогика – улуттук нуктагы таанып-билүүнүн жана тарбиялоонун булагы» деген окуу китебин жазган [5].

XX кылымдын 70-жылдарындагы кыргыз этнопедагогикасын изилдөөчүлөрдүн катарына С.М. Саипбаевди кошууга болот, ал кыргыз элдинин улуттук оюндарынын педагогикалык маанисин көрсөткөн китебин жана кенже эпостордун негизинде элдик булактарды пайдаланып тарбия берүүнүн жолдорун көрсөткөн кандидаттык диссертациясын жазган. 70-жылдарда кыргыз акындары Токтогул Сатылгановдун чыгармачылыгындагы таалим-тарбиялык ойлор тууралуу Н.И. Имаева кандидаттык диссертациясын жана анын негизиндеги китебин окурмандарга тартуулаган.

Кыргыздардын улуттук оюндары байыркы убактан тартып эле балдардын жана жаштардын курак өзгөчөлүгүнө карай иштелип чыккан жана пайдаланылган. Мына ушул элдик оюндардын педагогикалык маани-маңызы, аларды азыркы күндө пайдалануунун педагогикалык шарттары тууралуу Х.Ф. Анаркулов диссертациясын жана монографияларын жазса, Т.Э. Уметов диссертациясын жана китептерин иштеп чыккан.

А.Т. Калдыбаева төкмө акын Калык Акиевдин чыгармачылыгындагы этнопедагогикалык идеялар боюнча кандидаттык жана элдик акындар Т. Сатылгановдун, Өтө Көкө уулунун (Жеңижоктун), Барпынын, Тоголок Молдонунун ырларындагы таалим-тарбиялык ойлор тууралуу доктордук диссертациясында жана монографияларында кыргыз төкмө ырчыларынын чыгармаларын талдоо менен алардын ойлоруна токтолот. Эмгегинин «Балдардын инсан катары калыптануу процесси эл акындарынын чыгармачылыгында» деген бөлүмүндө «кыргыз акындарынын ырларында балдар менен кыздардын, жалпы эле адамдын таалим-тарбия берүү тууралуу ойлорун талдоого алып», Жеңижок Өтө уулунун «Балалык» деген ырын, Токтогулдун «Тойпоңдогон жаш балдар», «Балалык» аттуу чыгармаларын, Барпынын бир катар ырларын талдап, алардагы балдардын курак өзгөчөлүктөрү жөнүндө сөз

кылат [6]. «Баланын төрөлүшү, жарык дүйнөгө келиши тууралуу ойлор Барпы Алыкуловдун чыгармачылыгында дагы башкача өңүттөн каралып, этникалык өзгөчөлүктөр жалпы адамзаттык гуманисттик ойлор менен айкалыштырылат», «... бала үчүн, анын туура өсүшү, дени сак жетилиши үчүн ата-эне укканын, көргөнүнүн баарын аткарган. Тынымсыз уруш, согуш жүрүп, жоо колу менен жаңжалдар, кала берсе урруулук чатактар көп болуп турган кыргыз элинде баланын аман-эсен, алты саны бүтүн, күчтүү, шамдагай өсүшү өзгөчө жалпы элдик мааниге ээ болгон. Ал бала бир үй-бүлөнүн эле мүлкү эмес, жалпы уруктун, андан өтүп уруунун, мамлекеттин байлыгы болгон». «Барпы Алыкуловдо да, Жеңижокто да баланын эң жакын тарбиячысы – ата-эне, коомчулук», – деп айтат.

Баланын инсан катары калыптануу мезгилинде бала алган тарбиялар тууралуу акындардын ырын анализдеп келип, А. Калдыбаева мындай дейт: «Биринчиден, табият менен алака-катышта болот, кыргыз баласынын жаңы табият менен биригип калат («Агын сууну бойлошот, кой дегенге болбостон, балчык кечип ойношот», «Топучак издеп шиш менен, казып жүргөн балалык»).

Экинчиден, анын акыл-эси оюн менен байланышып, оюн ал үчүн таанытуучулук, тарбия берүүчүлүк функция аткарат («Он жашарда октолот, агайныга жоголот», «Оюн кызык көрүнүп, зарыгып жумшап жатсаң да, тил албаган балалык», «Жети жашка барганда, айылдагы иттерди, кууштурган балалык», «Сегиз жашка барганда, оюнга такыр тойбогон, оромпой тээп, чики атып, ок жыландай сойлогон», «Оюнга мооку канбастан, жутунуп турган балалык» ж.б.).

Үчүнчүдөн, кыргыз баласы элдин чарбачылыгы, турмуш-тиричилиги менен тааныша баштайт («Жети жашка барганда...тезек терип, суу ташып, бир аз жумуш кылган балалык», «Сегиз жашка барганда...торпокту минип жүдөткөн, тотугуп бетин түлөткөн, кубалап кулун, тайларды, кубарып чарчап күнү өткөн», «Тогуз жашка барганда... «Эки айылдын жылкысын, алдыртан кошуп ийишип, айгыр менен айгырын, алыштырган балалык», «Он бир жашка келгенде, чыйрак болсо ат чабат» ж.б.).

Төртүнчүдөн, бала – бул али инсан катары жетиле элек индивид, демек, анда балалык бөксөлүктөр, дал ошол балалыгы менен кызык да, сонун да өзүнчө белгилер бар учур («Менин атым күлүк» деп, жарыштырган», «Айлына мейман келгенде, «алакүш» деп иттерди, тукуруп турган», «Тетири кийип чапанын, атчан адам көрүнсө, үркүтмөккө жол тосот!» ж.б.).

Ошентип, эл акындарынын чыгармачылыгын этнопедагогикалык аспектиден изилдеген А. Калдыбаева ырчылардын чыгармачылыгындагы этностук бир өзгөчөлүктү көрсөтүп берген [6].

Кыргыз этнопедагогикасындагы көрүнүктүү окумуштуу А. Алимбеков кандидаттык жана доктордук диссертациясында», «Кыргыз этнопедагогикасы» китебинде улуттук тарбияны кыргыздар балдарды тарбиялоого багытталган ишенимдүү маалыматтарга негизделүү менен көрсөтөт. «Колдо болгон этнографиялык, фольклордук материалдар тастыктагандай, кыргыз эли баланы тарбиялоо иши канчалык эрте башталса, анын натыйжасы ошончолук жемиштүү болорун ачык-айкын түшүнгөн [7]. Элдин бул көз карашы да тарбиялоону табиятка шайкеш жүргүзүү жөнүндөгү элдин эмприкалык билимдерине негизделген. Муну «Жашында жакшы көктөгөн көчөт, тез өсүп-өнөт: адам да ошондой. Жашында сергек, сезимтал болсо, чоңойгондо баамчыл, тырышчаак, мээнеткеч адам болот» деген элдик пикирлер ырастап турат.

Элдин түшүнүгүндө адам жашында жабышкан жаман адат менен өнөкөттөн өлгөндө гана кутулат. Бул элдик педагогикалык тыянак «Сүт менен бүткөн мүнөз сөөк менен кетет», «Жашында кылжың болсо, карыганда мылжың болот», «Козусунда тойбогон токтусунда түрткөнүн койбойт» деген сыяктуу макалдарда таасын туюнтулган. Ошондуктан, элдин тарбия практикасында «Баланы башынан...», «Жаш кезинде билгениң ташка тамга баскандай» – деген эреже-жоболор ырааттуу жетекчиликке алынган. Адамдын тарбиялык мүнөзүнүн өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөтүү аракети акындар чыгармачылыгына да мүнөздүү. Мисал иретинде Жеңижоктун «Балалык», Токтогулдун «Тойпоңдогон жаш балдар», «Балалык» аттуу чыгармаларын көрсөтүүгө болот. Тилекке каршы, бул багыттагы элдик эмприкалык билимдер этнопедагогика жана этнопсихология илимдеринде атайын аңдала элек» - деп бул багыттагы проблемаларды да ачып көрсөтөт.

А. Муратов бир катар эмгектеринде элдик педагогиканын ар түрдүү аспектилерин жана алардын улуттук фольклордогу, акындар чыгармачылыгындагы, Ч. Айтматовдун роман-повесттериндеги колдонулуш проблемаларын изилдөөгө алган. Анын эмгектеринде кыргыз элдик тарбиялоо маданиятынын бир бөлүгү катары балдардга тарбия берүү бөтөнчөлүктөрүнүн мазмуну, максаты, каражаттары көрсөтүлгөн.

Кыргыз балдар фольклорунун педагогикасы жана улуттук сөз өнөрүнүн балдарга арналган чыгармаларындагы таалим-тарбиялык каражаттардын трасформацияланышы С.К. Рысбаевдин эмгектеринде чагылдырылган.

Мына ушулардын ичинен К. Жаныгулов диссертациясында элдик ырчылардын чыгармачылыгынын мисалында кыргыздар балдардын тарбиялык өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөтөт.

Ошентип тарбия ишинин тыянагын туура чыгарып, туура баа берүүнүн мааниси зор. Реалдуу тарбиялык милдеттерди алдыга коюп, жакшы план менен тарбияны туура уюштуруу. үчүн жамааттын жана ар бир инсандын калыптануу жана өркүндөө денгээлин так билүү зарыл. Жетишкен деңгээлге таянбай туруп, тарбия жараянын ийгиликтүү уюштуруу мүмкүн эмес. Педагогиканын негизги жобосу баланы тарбиялоо үчүн аны да, жамаатты - тарбиялоо үчүн жамаат чылыкты да ар тараптан терен иликтеп билүү ылазим. Ансыз тарбия иши, ошондой эле окутуу иши дале, акырындап барып ортозаар балага калган бут балдарды теңөөгө умтулууга жана шаблондуулук, трафареттүүлүккө жетишүүгө жасаган далалатка айланып калат. Тарбия ишин жыйынтыктоодо балдардагы жакшы жүрүш-туруштун ык, машыгуу жана түрдүү адаттары калыптангандыгын аныктоонун мааниси өтө чоң. Анткени адамдын ким экенин анын кылган ишин, айткан сөзү менен аткарган ишинип байланыш денгээли аныктайт.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**

1. Измайлов А.Э. Народная педогогика: Педагогические воззрения народов Средней Азии и Казахстана. - М., 1991.
2. Даминова И. Кыргыз педагогикасынын прогрессивдүү идеялары жана тажрыйбалары аркылуу башталгыч класс окуучуларын экологиялык жактан тарбиялоо: пед. ил. канд. дисс. автореф. - Бишкек, 2010. – 22 б.
3. Койчуманов Ж. Элдик педагогиканын берметтери. - Бишкек, 1998.
4. Ормонов Т. Педагогические воззрения древних киргизов. Эпос
“Манас”. Автореф. дис. канд. пед. наук. – Казань, 1972.

5. Кыдыралиев К. Этнопедагогика - улуттук нуктагы таанып-билүүнүн жана тарбиялоонун булагы. – Б., 2010. - 488 б.
6. Калдыбаева А.Т. Эл акындарынын чыгармачылыгындагы этнопедагогикалык идеялар. - Б., 2005. - 344 б.
7. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы. - Бишкек: Алтын тамыр,

УДК 371.3:812.12.7.
DOI 10.58649/1694-8033-2023-2(114)-296-303

**Айдралиева А. А.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**Айдралиева А. А.**
КНУ им. Ж. Баласагына
**Aidralieva A. A.**
KNU J. Balasagyn

ORCID:0009-0009-7061-7202, SPIN-код: 5405-7128

# КЫРГЫЗ ЖАНА АНГЛИС ТИЛДЕРИНДЕГИ КУТТУКТОО КОНЦЕПТИНИН МААНИЛИК ЖАКТАН БӨЛҮНҮШҮ
# СМЫСЛОВОЕ РАЗДЕЛЕНИЕ КОНЦЕПТА ПОЗДРАВЛЕНИЯ НА КЫРГЫЗСКОМ И АНГЛИЙСКОМ ЯЗЫКАХ
# SEMANTIC DIVISION OF THE CONCEPT OF CONGRATULATIONS IN KYRGYZ AND ENGLISH

**Аннотация:** Макалада кыргыз жана англис тилдериндеги куттуктоолордун маанилери каралды жана салыштырылды. Турмушта «куттуктоолор» жакшылык жана ден соолук каалоолорун билдирүү менен тыгыз байланышта экенин көрүүгө болот. Куттуктоолор адресатка жакшы маанай тартуулоого багытталган. Куттуктоо – бул эң оболу адамдардын мамилесинде, адамдык иш-аракетинде камтылган этиканын категориясы. Жакшылык түшүнүгүндө адамдар өздөрүнүн эң жалпы кызыкчылыктарын, тилектерин, келечекке болгон каалоолорун жана үмүттөрүн билдирет. Заманбап түшүндүрмө сөздүктөр боюнча куттуктоо, биринчиден, кубанычтуу, жагымдуу нерсеге байланыштуу саламдашуу, экинчиден, ошондой саламдашууну камтыган текст деп аныкталат. Англис жана кыргыз тилдериндеги “куттуктоолордун” ортосундагы айырмачылыктар менен жалпылыктар эки элдин менталитетине, улуттук каада-салттарына, социалдык чөйрөсүнө, маданиятына карата аныкталат.

**Аннотация:** В статье рассмотрены и сопоставлены значения поздравлений на кыргызском и английском языках. В человечестве «поздравления» тесно связаны с выражением пожеланий добра и здоровья. Поздравления направлены на то, чтобы поднять настроение адресату. Приветствие-это категория этики, которая прежде всего содержится в человеческом отношении, в человеческой деятельности. В концепции добра люди выражают свои самые общие интересы, стремления, желания и надежды на будущее. Согласно, современном, толковом словарьях, приветствие определяется, во-первых, как приветствие,